“Бекитемин”
**И. Арабаев атындагы КМУнун илимий иштер боюнча проректору филос. и.к., проф.м.а. Каниметов Э.Ж.**

__10__06_______2020-жыл

**И. Арабаев атындагы КМУнун Э.Ж. Маанаев атындагы Тарых жана социалдык-укуктук билим берүү факультетинин Кыргызстандын тарыхы жана этнология кафедрасынын 2020-жылдын 10-июнунда өткөрүлгөн (протокол №9 ) кеңейтилген жыйынынын**

**КӨЧҮРМӨСҮ**

**Катышкандар:** Маанаев Э.Ж. – т.и.д., профессор; Мусаев С.Ж.- ф.и.д., профессор, КР УИАнын мүчө-корреспонденти, Манастаануу жана Лингвистика институтунун директору; Асанканов А.А. – т. и.д., профессор, КР УИАнын мүчө-корреспонденти, Тарых, археология жана этнология институтунун директору; Курбанова Н.У. – т. и.д., профессор, ТСУББФнин деканы; Жоошбекова А.Р.– т.и.д., профессордун м.а, Кыргызстандын тарыхы жана этнология кафедрасынын башчысы; Коңурбаев Т.А. ф.и.к., профессордун м.а., И.Арабаев атындагы КМУнун окуу иштери боюнча проректору; Жапаров А.З. – т.и.к., КР УИАнын Тарых, археология жана этнология институтунун улук илимий кызматкери; Жолдошев Р.Ж. – т.и.к., КР УИАнын Тарых, археология жана этнология институтунун “Кыргызстандын байыркы мезгилден XIX кылымдын аягына чейинки тарыхы” бөлүмүнүн башчысы; Бексултанова Ч.Д. – т.и.к., КРУИАнын Тарых, археология жана этнология институтунун улук илимий кызматкери; Момунбаева Н.С. – т.и.к., доценттин м.а.; Тентигул кызы Назира – т.и.к., доценттин м.а.; Нурбек Туран – т.и.к., доценттин м.а; Карыбекова Г. – катчы.

**Күн тартибинде:**

**О.Э. Капалбаевдин “Кыргыздардын салттуу тери иштетүү кол өнөрчүлүгү (XIX к. аягы – XX к. башы) тарыхый-этнографиялык изилдөөлөр”** деген темадагы 07.00.07. – этнография, этнология жана антропология адистиги боюнча тарых илимдеринин доктору окумуштуулук даражасын алуу үчүн талаптанып жазылган диссертациясынын кол жазмасын талкуулоо.

Илимий консультанты – т.и.д., профессор, КР УИАнын мүчө-корреспонденти А.А. Асанканов.

**Отурумдун төрайымы, “Кыргызстандын тарыхы жана этнология” кафедрасынын башчысы, т.и.д., профессордун м.а. А.Р. Жоошбекова:**

Урматтуу кесиптештер, бүгүнкү талкууга коюлуп жаткан диссертация май айынын ортосунда адистерге окууга таратылып берилген. Диссертантты жакшы билесиздер. Кандидаттык диссертациясында да кыргыздардын кол

дс 07.21.268
Вх. № 04-8/48 от 21.01.22.
Уч. секр.

өнөрчүлүгүн – салттык жыгаччылыгын изилдеген, тарых илимдеринин кандидаты, проф. м.а. Капалбаев О.Э. кыргыз этнология илиминде өзүнүн илимий көз карашы, чыйыры бар окумуштуу. Көптөгөн илимий макалалардын, кыргыздардын жыгаччылык кол өнөрчүлүгү, чечендик өнөрү жана кыргыз маданиятынын, этнографиясынын актуалдуу маселелерине арналган макалалардын, монографиялардын автору. Диссертациянын кол жазмасын кафедранын мүчөлөрү жана адистер окуп чыгышты.

Бүгүнкү талкууга Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер Академиясынын Б. Жамгерчинов атындагы Тарых, археология жана этнология институтунун, И. Арабаев атындагы КМУнун окумуштуулары диссертация жөнүндө өздөрүнүн илимий ой-пикирлерин билдирүү үчүн келип отурушат. Мындан сырткары залда тарых илимдеринин кандидаттары, доценттер, башка ЖОЖдордон келген этнограф-кесиптештер отурушат. Анда эмесе талкуубуздун ишин баштасак, алгач сөздү КР УИАнан келген конокторго, окумуштуу адистерге берели. Ар бириңиздер диссертанттын эмгеги боюнча канчалык көп конструктивдүү сын пикириңиздерди, сунуштарыңыздарды айтсаңыздар, илимий иштин жакшыруусу үчүн салым кошкон болосуздар. Анда сөз т.и.к., КР УИАнын этнология бөлүмүнүн улук илимий кызматкери, белгилүү этнограф Амантур Забирдинович Жапаровго берели, иш жөнүндөгү пикирлеринизди айтсаңыз.

**А.З. Жапаров:** Теманын актуалдуулугу шек жаратпайт, себеби терини иштетүү, тери буюмдарын колдонуу жана иштетүү башка элдерде да бар. Бул кол өнөрчүлүк этноско жашоону камсыз кылган каражат катары да кызмат кылат. Диссертанттын бул маанилүү теманы тандап алганы жакшы деп эсептейм. Кыргыздардын салттуу кол өнөрчүлүгүндө тери иштетүү ыкмаларынын өзгөчөлүктөрү бар. Ошону менен бирге чарбасы, маданияты тектеш этностордогу тери иштетүүнүн технологиялары, айырмачылыктары, окшоштуктарына көңүл коюп, атайын этнологиялык изилдөөгө алганы колдоого татырлык. Диссертациялык иштин жетишкен жактары абдан көп, алардын баарына токтолуп отурбай мен иштин мазмуну, структурасы боюнча жалпы пикирлеримди айтайын.

Иштин булактык базасы жакшы, чогултулган талаа материалдары жана башка маалыматтар жеткиликтүү бар. Мен ишти окуп чыгып, биринчиден анын структуралык бөлүктөрүн бир сыйра карап чыгуу керек деген ойго келдим. Кээ бир параграфтарды бири-бирине кошуп, кээ бирлерин алып коюуга болот. Жумушта ошондой параграфтар бар. Диссертациянын мазмунунда материалдарды баяндоонун структурасын да карап жакшыртып чыгуу керек деп эсептейм. Негизги өзөктү кармап, көңүлдү изилденип жаткан проблемага, хронологиялык рамкадагы доорго коюш керек. Байыркы мезгил, орто кылымдардагы этногенетикалык байланыштарга көп көнул

бурулуп кеткендей пикир калтырат. Археологиялык жана башка материалдарды да колдонуп, башка этностор менен салыштырууларга анча көп токтолуунун кереги жок. Бул изилдөөчүнүн атайын изилдөөгө алган маселеси эмес. Башка элдер менен этногенетикалык жана башка байланыштарын кароодо генезиске кирип, семантикасына кайрылып, айрым маселелерди изилдөөгө болот, антпесе негизги маселеден оолактатып, алаксытат. Башка этностор менен салыштырууларды жалпылап берсе болот. Иште алтай, казак, хакастар жөнүндө көбүрөөк жазылып кеткен. Темада кыргыздардын тери иштетүү кол өнөрчүлүгү изилденип жаткандан кийин алар жөнүндө материал басымдуу жана негизги болушу зарыл, кыргыздар көмүскөдө калып кеткендей болбосун.

Актуалдуулукка тери иштетүү боюнча фабрикалык өндүрүш, сувенирлерди жасоо жана башка иштердин жүргүзүлүшүнүн мисалында тажрыйба кандай уланып жаткандыгынын контекстинде актуалдуулукту күчөтүп коюу керек деп ойлойм.

Бул майда эле пикир, ошентсе да эске алып коюу зарыл. Ар бир жерде эле профессор деп айрым окумуштууну жаза бербеш керек, анда иштеги бардык окумуштуулардын профессор деп жазыш керек. Ошон үчүн башында бир жолу жазылат, анан жөн эле фамилиясы, аты жөнү жазыла берет. Мисалы, Акматалиевди башында бир эле жолу элдик этнограф деп, кийинкилерин тек аты, жөнү жазылат.

Эпикалык чыгармалардын – "Манас", майда эпостордун материалдарын колдонууда да балансты сакташ керек. Анткени иште изилдөөнүн хронологиялык рамкасына туура келген XIX кылымдын аягы – XX кылымдын башындагы материалдар басымдуулук кылыш керек. Музейдеги жана жеке адамдардын колунда сакталып калган таберик буюмдарынын таржымалын да баяндап, талдоого алыш керек. Жандуу мисалдардын негизинде ошол доордогу тери иштетүү кол өнөрчүлүгүнүн абалын, өзгөчөлүгүн көрүүгө болот. Мисалы, Токтогулдун, Жеңижоктун жабдыктары, манаптардын колдонгон буюмдары сыяктуу жандуу мисалдар керек. Айта кетчү жакшы нерсе, изилдөөчү тери иштетүүнүн көөнө технологияларын абдан жакшы баяндап, салыштырган.

Адабияттар боюнча айтканда, иштин темасына ылайык айрым адабияттарды ишке кошсо болот. Салттуу кийим-кече, турак-жай боюнча эмгектер, этнографиялык терминдердин жыйнагын киргизүүнү сунуштайм. Соода мамилелери боюнча да эмгектер бар. Баалуу аң терилери алмашуунун эквиваленти, каражаты болгону эмгекте жакшы келтирилген. Акча орустар тарабынан Россия империясынын курамына киргенден кийин гана жүгүрө баштаган. Тери иштетүүдө орустар келгенден кийинки мезгилде

мануфактуралык, фабрикалык ишканалар болгонбу, алардын ишмердүүлүгү кыргыздардын тери иштетүүсүнө кандайча таасир эткендиги да иште эске алынышы керек.

Жогорудагы пикирлерди айтуу менен мен алдыда убакыт бар, ошондуктан айтылган пикирлерди изилденүүчү карап чыгууга мүмкүнчүлүгү жана шарты болот деген ишеничтемин. Жалпысынан иштин структурасы, мазмуну илимий иштерге коюлуучу талаптарга толук жооп берет, ошондуктан ишти коргоого сунуштайм.

**Жолдошев Р.Ж.:** Урматтуу кесиптештер мен талкууланып жаткан иш менен тыкыр таанышып чыктым. Биринчиден айтаарым, Октябрь Капалбаевдин тандаган темасы жакшы экен. Адатта изилдөөчүлөр теманы кенен алып алышат да, материалы жетпей кыйналышат. Бул иштин темасы так экендигин белгилегим келет. Диссертанттын чогулткан материалдары абдан көп жана бай. Менин оюмча, изилдөөчү байыркы мезгилге да кирип кеткен. Изилдөө темасынын хронологиялык алкагындагы – XIX кылымдын аягы – XX кылымдын башындагы тери иштетүү кол өнөрчүлүгүнө тиешелүү материалдар көбүрөөк талданышы зарыл болчу деген пикирлерге кошулам. Албетте ар бир иштин кемчилиги болот, бирок бул иш бүткөн иш. Диссертант айтылган ой пикирлерди эске алган же албаган учурда деле бул иш бүткөн, жыйынтыкталган. Диссертанттын жазма тили абдан жакшы экендигине күбө болдум. Изилдөөчү эмгегинде абдан көп жаңы жана унутулган терминдерди колдонгон. Мисалы кун, саятчы сыяктуу сөздөрдүн колдонушу илимий кыргыз тилин байытып, изилдөөчүнүн сөз чебердигинен кабар берет. Мен өз оюмду, пикиримди кыскача эле айтайын. Көп кемчиликтерди көрбөдүм. Негизинен иш жакшы жазылып, жыйынтыкталган. Ошентсе да кээ бир эске алып койчу жагдайлар бар. Изилдөөдө XIX кылымдын аягы – XX кылымдын башындагы кол өнөрчүлүккө көңүл бурулушу керек эле, бирок изилдөөчү мурунку тарыхка кызыгып кеткен. Албетте орто кылымдагы тери иштетүүнүн абалы жөнүндөгү маалыматтар кызыктуу, бирок изилдеп жаткан хронологиялык рамканы кармаш керек. XIX кылымдын аягы – XX кылымдын башындагы кол өнөрчүлүктөгү колдонулган ыкмаларды, технологияларды салыштыруу менен талдоолор болсо иш мындан да кызыктуу, баалуу болмок. Иште материал көп, буюмдар азыраак. Тиркемеде көп жакшы нерселер бар экен, ошолор да иштин мазмунунда айтылышы зарыл. Негизи буюмдардын баяндалышы К.И.Антипина, А.С.Көчкүновдордун эмгегиндегидей берилиши керек. Диссертанттын өздүк материалдары абдан көп, ошол материалдарды колдонуу менен диссертациянын мазмунун байытуу зарыл. Соода XIX кылымдын аягы – XX кылымдын башында өнүгүп эле калган. М.Т. Айтбаев,

С.М. Абрамзондун манапчылык жөнүндө эмгектеринде, макалаларында бул иште каралып жаткан доордогу кыргыздардын жашоо-турмушу, чарбасы, кол өнөрчүлүгү, алмашуусу, карым-катыштары боюнча бир топ маалыматтар изилдөөчү тарабынан колдонулса пайдалуу болмок. Дагы бир айта турган нерсе –тиркемедеги сүрөттөр. Алар абдан көп маалыматты камтыган маанилүү буюмдарды чагылдырган. Бул тиркемедеги маалыматтар азыркы жана кийинки муундагылар үчүн абдан керек деп эсептейм. Диссертациянын структурасы боюнча бир аз өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө сунуштар айтылды, бул ойлорго мен да кошулам, бирок өзгөртүү же мурункусундай калтыруу жагын изилдөөчүнүн өзүнүн чечимине калтырам. Негизинен менин сын пикирлерим аз эле. О.Э. Капалбаевдин доктордук диссертациясынын кол жазмасы ЖАКтын талаптарына жооп берет жана ишти коргоого сунуштайм.

**Бексултанова Ч. Д.:** Диссертациянын кол жазмасы менен таанышып чыктым. Иш көп түйшүк, эмгектин жыйынтыгында жазылганын көрдүм. Терең талдоонун негизинде мазмундуу иш даярдалган.

Менин диссертантка төмөндөгүдөй суроолорум пайда болду:

1. Талаа изилдөөлөрү жүргүзүлгөн объектилер кайсы критерийлер менен тандалган.?
2. Кыргыздардын тери иштетүү кол өнөрчүлүгү кайра жаралган кол өнөрчүлүккө киреби? (ПРООНдун критерийлеринин негизинде).

Диссертациялык иш илимий иштерге коюлуучу талаптарга жооп берээрлик илимий-методикалык деңгээлде жазылган. Иштин дагы бир көңүлгө толгон жагы – булактык базасы абдан бай. Жазылган иштин жетишкендиктери менен бирге кээ бир мүчүлүштүктөрү да бар. Менин көз карашымда, буюмдардын аталыштарынын этимологиясына абдан чоң орун берилип калгандай. Муну иштин мазмунуна зыян келтирбегендей кылып кыскартса болот.

Башка этностор менен салыштыруу материалдарын да кыскартып, жалпылап берсе болчудай. Негизги көңүлдү кыргыздардын тери иштетүү кол өнөрчүлүгүндө колдонулган ыкмаларына, технологияларына буруу керек деп ойлойм.

Жалпысынан айтканда, диссертациялык иш жакшы илимий-методикалык базада жазылып, жыйынтыкталган. Коргоого сунуштайм.

**Жоошбекова А.Р.:** О.Э. Капалбаевдин "Кыргыздардын салттуу тери иштетүү кол өнөрчүлүгү" аталышындагы доктордук диссертациясынын кол жазмасын мен да адис катары окуп чыктым. Кыргыздардын тери иштетүү кол өнөрчүлүгү көчмөндөрдүн эң маанилүү кошумча кесиптеринин бири болгон, бирок буга чейин атайын этнологиялык изилдөөгө алына элек болчу. Изилдөөчү илимий ишине чоң жоопкерчилик менен мамиле кылгандыгын

иштин структурасы, мазмуну көрсөтүп турат. Диссертация бай булактык базанын негизинде, изилдөөчүлүк тажрыйбанын, ынтызарлыктын натыйжасында сапаттуу жыйынтыкталган.

Илимий иште дисциплиналар аралык методдор колдонулган. Иштин бардык жетишкендиктерин эске алуу менен сунуш катары кээ бир көңүл бурууну талап кылган учурларга токтолгум келет:

*Киришүүдө* изилдөөнүн объектиси жана предмети иште так берилиши керек. Мындан тышкары изилдөө объектиси менен максаты окшош, бирдей сүйлөм менен берилип калган. Диссертациянын илимий жаңылыгында 2-абзацты толуктоо керек же алып салуу керек, анткени бул изилдөөнүн булактык базасында айтылат. Иштин практикалык маанисинде материалдар “Этнология” ж.б атайын курстар үчүн деп так эле көрсөтүлсө. Ушул эле жерде музейдеги экспонаттарды баяндап жазууга толуктоого, аларды сүрөттөөгө кошумчаларды киргизүүгө болот деп да кошуу керек.

*Жоболордо:*

- Териден жасалган буюмдардын аталыштары, жасалышы этнология илиминин илимий айлампасына киргизилиши керек деп кошумчаласа болот.
- “Кыргыздардын этностук дүйнө картинасы (сүрөтү)” деген түшүнүктү колдонууну сунуштайм.
- Ушул эле жободогу аял жана эркектердин эмгегинин бөлүнүшү өзүнчө жобо катары каралыш керек.
- 7,8 жобону бириктирсе болот.
- Эң негизги жыйынтыкты камтыган жобо керек.

*Теориялык бөлүктө* кыргыздарда кол өнөрчүлүк чарбадан бөлүнбөгөн абалда болгон деген теорияны өнүктүрүш керек болчу. Көчмөн цивилизациясындагы кол өнөрчүлүк отурукташкан этностордун адистешкен кол өнөрчүлүгүнөн айырмасы ушул жерде каралышы жана айтылышы керек.

*Методологияда.* Кайсы метод кандайча колдонулгнадыгын ачыктап жазуу керек. Сиздин иште кайсы ыкмалар талдоого жардам берди, кайсы стационардык байкоо жүргүзүү объектилери, информаторлор жөнүндө маалыматтар жазылышы керек. Мисалы семиоткалык-семантикалык метод оюуларды сүрөттөөдө кандай колдонулду. Диссертациялык иштин 72-бетинде атайын суроолор түзүлгөндүгү тууралуу айтылат, ошол суроолор жөнүндө да методологиялык бөлүктө көрсөтүлүшү зарыл деп ойлойм.

*Диссертациянын структурасында* 3-глава “Кыргыздардын тери иштетүү кол өнөрчүлүгүнүн өзгөчөлүктөрү” деп аталса жакшы болот эле. Параграфтардын жайгашуусун да өзгөртүү керек.

*Иштин мазмунунда* 4 - баптагы материалдарда башка этностордун баш кийимдери менен салыштыруулар көп, бул абдан жакшы, бирок ошол эле

учурда кыргыздардын ичиндеги регионалдык айрмачылыктарды салыштыруулар жокко эсе. Бир эле жерде Момунбаева Назиранын материалдары боюнча кыргыздардын түштүк жана түндүк баш кийимдерин салыштыруу бар. Диссертант мазмунга талаа материалдарынын негизинде талдаган материалдарын алып чыгышы керек болчу. Мисалы, 264 - бетте тери иштетүүдөгү **мешти** колдонуу талаа материалдары менен тастыкталган. Башка жерлерде да өздүк талаа материалдары ушундай колдонулушу керек эле. Сары майды улардын жемсөөсүнө сактоонун түрүн башка жерден кезиктирбедим, ошондуктан бул да жаңы нерсе. Агын суудан сүзүп өтүүчү каражаттар жөнүндөгү маалыматтар да илимде жаңылык катары каралат. Суудан өтүүчү тери торсуктардан жасалган сал тууралуу Ханыков, Масальскийдин эмгектери менен катар А.М. Мокеевдин эмгектери да эске алынышы, киргизилиши керек.

*Гузяр булгаарыны иштетүү отурукташкан* өзбектерде колдонуулучу ыкма. Алар сырьену тоолуктардан сатып алган. Көчмөндөр менен отурукташкан элдердин ортосундагы соода-экономикалык мамилелер, кол өнөрчүлүгүндөгү өзгөчөлүктөр жөнүндө айтылышы зарыл. Кайталоо болбос үчүн 119-беттеги материалды 118 бетке жылдырса болот.

*Корутундуга* 6 - баптын илимий жыйнтыктары кирбей калган.

*Практикалык сунуштарда* көнчүлүккө (тери иштетүүгө) байланыштуу терминдердин этнографиялык сөздүгүн чыгарууну сунуштоо керек, анткени көптөгөн терминдер унутулган, аларды сиз башка булактардан издеп таап, алып чыктыныз, эми жалпы коомчулукка жетүүсү үчүн өзүнчө китеп болуп чыгуусу зарыл.

*Адабияттардын тизмесинде архивдик* материалдар алдыга жылдырылса, талапка туура келет. Адабияттардын тизмесиндеги жыйнактар өзүнчө бөлүнүшү зарыл. Тизмеде “Советтик этнография” журналынын бир нече саны кирген. Азыркы “Этнографиялык обозрение” журналы да сөзсүз кириши керек. Айрым авторефераттар да унутулуп калган.

*Тиркемедеги* сүрөттөр классификацияланып, номерлерин коюу катар (сквозной) болуш керек. Сиз изилдеген регион, мамлекет, айылдардын картасын берсе да болот. Ошондой эле тиркемеге терминдердин түшүндүрмөсү глоссарий берилсе, иштин баалуулугу мындан да жогорулайт. Келечекте этнографиялык сөздүктү чыгаруу жагын да ойлонуш керек.

Жыйынтыктап айтканда, О.Э. Капалбаевдин диссертациясы жатык илимий кыргыз тилинде жазылган. Иштин илимий жаңылыктары абдан баалуу. Илимий айлампага изилдөөчү өзүнүн көптөгөн илимий жыйынтыктарын киргизди. Диссертациялык иш ЖАКтын талаптарына жооп берет, ошондуктан аны ачык коргоого мыкты иш катары сунуштайм.

**Э.Ж. Маанаев:** Мен башында белгилеп койгум келет, этнографтардын составына жаңы бир этнограф келип кошулду. Бул жердеги пикирлерди айтабыз, аны кабыл алабы, албайбы ал башка маселе.

Менин айтайын деген сын пикирим булар: 2-бапта иштин теориялык-методологиялык негиздериндеги методдор культурология, социология багытындагы методдорго жакын, ошондуктан аларды кайра этнографияга жакындатыш керек.

Ар бир параграфтын, главанын аягындагы жыйынтыктарда окшоштуктар бар. Ошолорду кайра карап чыгып, оңдоп, этностордо кандай өзгөчөлүк, эмне окшоштуктар бар экендиги конкреттүү жазылып жыйынтыкталышы керек.

332-бетте изилдөөчү байыркы доордо терини кол менен иштеткен, орто кылымдарда жыгач менен иштетүү болгондугун айтат, мен жаңы доордо темир менен иштетүү болгон деп кошумчалаар элем. Россиянын курамында болгондон кийин терини фабрикаларда темир станоктордо иштетүү болгон. Жыйынтык катарында өзүнчө карала турган маселе, Россиянын карамагына өткөндөн кийин тери иштетүүдө көптөгөн өзгөрүүлөр, модернизация болгону иште чагылдырылышы керек.

Дагы бир айта кете турган нерсе, практикалык сунуштарын да бир ирет карап коюш керек. Тери буюмдарынын аталышы, тери иштетүүдө колдонулган аспаптар, ыкмалардын аталышы, терминдердин этимологиясын бергенде кайсы термин кайсы этностуку экенин так айтыш керек. Моңгол, түрк, хакас, алтай, бурят, иран ж.б. тилдеринин тектештигин эске алыш керек албетте, бирок жыйынтыктаганда бул кыргыздыкы дегенди тактап койсоң.

Сөзүмдү жыйынтыктап жатып, иш колдоого татыктуу деп айтам. О.Э. Капалбаевдин диссертациясы кыргыздардын тери иштетүүсүн комплекстүү изилдеген эмгек, ошондуктан ишти коргоого сунуштайм.

**С.Ж. Мусаев:** Чыгыш таануда тарых, тил адабият институту бир болгон. Ушул аспектте ушул ишке менин да тиешем бар деп айта алам. Этнографияда этностун материалдык жана руханий маданияты изилденсе, адабият жана тил да этностун негизги белгилери. Ар бир кишинин өзүнүн жазма стили бар, тил маселеси өтө татал маселе. О.Э. Капалбаевдин калыптанып калган стили бар. Ишти силерге бергенден кийин алып калдым. Мага аябай жакты. Бул ишти кызыгуу менен окудум. Этнография элдин маданиятын изилдеп анын баалуулуктарын келечек муундар үчүн илимий жактан изилдеп, тактап сактап өткөрүп берүү кызматын аткарат. Мен да ишти окуп чыгып, пикиримди изилдөөчүгө мурда да айтканмын. Жобонун түзүлүшүн карадым, бир эки пунктун алып салса болот. Методология жөнүндө туура айтылып жатат. Иштеги салыштыруулар кыргыз элинин

маданияты Түштүк Сибирден башталаарын далилдеп отурат. Ала-Тоодогу маданият Алтай, Саян-Алтай, Түштүк Сибирден башталат. Кыргызда мал кыргыздын баарысы – тамагы кийими, идиши. Менин көз карашымда этностордун маданиятындагы паралеллдерди салыштырганда гана иш маанисине жетет. Ошондуктан алтай, монгол , өзбектер менен окшоштук, тектештиктер жана айырмачылыктар жөнүндөгү материалдар иште көп. Муну мындан да көбөйтүү керек. Балким бул иштин алкагында мүмкүн болбосо, башка иштерде, китептерде, монографияларда, кийинки изилдөөлөрдө сөз жок кеңейтүү зарыл. Мунун баары кийинки муунга өтөт. Башка этностор менен салыштыруу илимий иштин баалуулугун жогорулатат, эч төмөндөтпөйт. Диссертацияда унутулган жана унутуп бараткан сөздөр көп. Тери буюмдарынын жасалуу ыкмасы жылдар өткөн сайын унутулуп, колдонуудан чыгып бара жатат. Азыркы көпчүлүк адамдар аны билбей калышты. Мисалы, камчынын 18 өрүмү бар экенин билип калдык, башка да көп биз унуткан, бабаларыбыз колдонгон нерселер бар. Ушул өңүттөн караганда бул диссертациялык иш абдан керектүү жана өз убагында жазылып илимий айлампага келди. Менин пикиримде Түштүк Сибирь элдери менен салыштыруулар сөзсүз керек. Баяндоо методу да салттуу этнографияда негизги методдордун бири катары кеңири колдонулушу керек. Диссертанттын ишинин мыкты жагы тарыхнаамалык бөлүктү абдан жакшы жазган. Буга чейин изилдеген авторлордун эмгектери хронологиялык жактан бөлүнүп 3 доордо каралган. Албетте эң негизги булак катары автордун өзүнүн талаа материалдары да баалуу. Кыргыздын кечээ күнкү эле турмушунда ыштоо, ыштоонун түрлөрү, технологиялары көпчүлүк учурда колдонулбай калды, технологиялар унутулуп бара жатат. Бул өңүттөн О. Капалбаевдин иши абдан керек. Эл ичинде азыр бар материалды алып калышыбыз керек, кийинкилер үчүн бул иш керек жана маанилүү. Бул иш этнографиялык жактан иштеле элек экен, эми гана иштелип чыкты, буга кубанышыбыз керек. Иштеги дагы бир жакшы нерсе – тиркеме. Глоссарий тиркемеге абдан керек. Аталыштарды, алардын этимологиясын изилдөөчү эл алдына алып чыкты. Эми алардын түшүндүрмөсү керек. Ушул сөздөрдүн этимологиясын карап жатканда изилдөөчүлөрдө монголдон, арабдан келген деген “оору” бар. Монголдуку же башканыкы дебеш керек, тектеш элдердин сөзүн бул мунуку же тигиники дегенге болбойт.

Жалпысынан караганда иш жыйынтыкталган. Илимий бүтүмдөрү да чыгарылган. Изилдөөчүнүн ишин ачык коргоого сунуштайм.

**Н.С. Момунбаева:** О.Э. Капалбаевдин диссертациясы учурдун талабына жооп берет. Тери иштетүү кол өнөрчүлүгү боюнча теманы диссертантка А.А. Асанканов берген. Агайга ыраазычылык айткым келет,

анткени ал теманы О. Капалбаев алып кетээрин жана андан жакшы иш жазып чыгарарына көзү жеткен. Кыргыздардын материалдык маданиятын изилдөөгө көңүл бурулушу шарт. Иштин ар бир жазылуу этабына мен күбөмүн. Диссертация үчүн талаа материалдарын чогултуу процессинде этнографиялык экспедицияларда Кытайда, Өзбекстанда, Тажикстанда, Кыргызстандын түштүгүндөгү Ош, Жалал-Абат, Баткен облустарында бирге болдук. Изилдөөчүнүн ар бир жарык көргөн макалаларын окуп турдум. Түйшүктүү булактарды топтоо, классификациялоо иштеринде чогуу жүрдүк, архивде иштедик. Октябрь Эркинович Санкт Петербургдун музей, архивдерине чейин барып иштеп келди. Эмгегине советтик мезгилде жазылбай калган жаңы материалдарды киргизди. Сын пикирлеримди мурдараак айткан болчумун. Талдоодо айрым жерде жыйынтыкталбаган жерлер бар. Кайталоолор бар. Жакшы редакция керек деп ойлойм. Бирок бул диссертациянын жалпы илимий баалуулугун төмөндөтө албайт, иш абдан баалуу жана жакшы илимий деңгээлде жазылган, коргоого сунуштайм.

**Т.А. Коңурбаев:** Урматтуу жыйындын катышуучулары, мен этнограф болбосом да, кесиптеши катары анын бул теманын үстүндө көп жылдан бери жигердүү иштеп келе жатканын билем. Териден жасалган буюмдардын аталышы, алардын келип чыгышы, колдонулушу, башка элдер менен окшоштугу, айырмачылыктары жөнүндө Октябрь Эркиновичтин ишин окуп чыгып, маектешип калган учурларда абдан кыргыз үчүн керектүү, баалуу эмгек жаралганын көрүп отурам. Бул жерде айтылган сын пикирлерди да уктум. Илим менен шугулданыштын да көп татаалдыктары бар. Чыныгы терең изилдейм деген адам жерине барып, казып изилдеш керек экендигин да Октябрь Эркиновичтин иштегенинен көрө алдым. Элдин тарыхын, маданиятын изилдеп, анын улуттук аң- сезимин, эс-тутумун, башка этностор арасындагы ордун аныктоодо мындай эмгектер керек, ошондуктан колдоого ала турган ишти ачык коргоого сунуштайм.

**А.Р. Жоошбекова:** Талкууну жыйынтыктаардын алдында сөздү диссертантка берсек.

**Капалбаев О.Э.:** Урматтуу кесиптештер, сиздердин диссертациянын кол жазмасын окуп чыгып, баалуу сунуш-пикириңиздер үчүн ыраазычылык билдирем. 2008-жылы бул тема менин изилдөө темам катары бекитилген. Илимий консультантым профессор Асанканов Абылабек Асанканович. Бул теманы түшүнүш үчүн мага 5 жыл кетти. Мен көп илимдин доктору, кандидаттары менен кеңештим. Көпчүлүктүн ар кандай пикирлерин угуп көрдүм. Тери боюнча XIX кылымда Загряжский, Масальскийден башкалар жазган эмес. Тери иштетүү атайын изилдөөгө алынган эмес. Совет мезгилинде Абрамзон, Бурковский, Антипина, Маховалар да учкай эле карап

кетишкен. Өтүктүн 2 эле түрү: өтүк, чарык болгон деп айтышат. Мал чарбачылыгы менен кесиптенген элде кантип эле өтүктүн ушул эле түрү болсун деген суроо пайда болду. Биз жоготконубузду издеш үчүн элдик оозеки чыгармачылыкка, эпосторго кайрылганга туура келди. Ошол материалдардын негизинде кыргызда өтүктүн эле 24 түрү бар экендигин аныктадык. Алардын аталыштарына токтолдук. Башка териден жасалган буюмдар боюнча да толтура материалдар чыкты. Иш бүттү деп эсептебейм. Дагы изилденбей калган жагы көп. Терең изилдөө үчүн өмүр бою казсаң да аз болчудай.

Абылабек Асанканович тери иштетүүнүн теориясы кандайча калыптанганын жазышыбыз керектигин айтып, ишти күчтөндүрдү. ЖАКтын да талабы ошондой болду. Мурда методологиясын жарым бет жазып койчубуз, эми бул боюнча өзүнчө глава жазылды. Ишти жазып жатканда изилдөөчүдөн көп алешемдиктер, кемчиликтер кетпей койбойт экен. Албетте идеалдуу нерсе жок. Тери буюмдарынын аталыштары, иштетүү технологиялары алтай элдеринде түпкү маанисинде бүгүн да сакталып калган. Тилге маани берүүгө түрткү болго нерсе – Бернштам кыргыздарды оюулардын 3500 түрү бар деп айтканы болду. Мындай окумуштуулар бар деп айтып жатышса, биз изилдешибиз керек.

Талкууга катышып отурган профессорлор Маанаев Эгемберди Жумагуловичке, Мусаев Сыртпай Жолдошевичке жол көрсөтүп, баалуу сын пикирлерин, кеңештерин бергендиктери үчүн терең урматтоо менен ыраазычылыгымды айтам. Жалпы жыйынга катышкан окумуштуулардын сын пикирлерине көңүлүмдү бурам, эске алам. Убакыт коротуп, ишти окуп чыгып, пикир айтканыныздар үчүн баарыңыздарга терең ыраазычылык билдирем.

**А.Р. Жоошбекова:** Сөз изилдөөчүнүн илимий консультанты Асанканов Абылабек Асанкановичке берилет.

**Профессор А.А.Асанканов**: Урматтуу коллегалар! Иш менен таанышып өз пикирлериңиздерди билдиргениңиздерге рахмат!

Москвада аспирантурада окуп жүргөндө 1980-жылдарда армениялык аспиранттардан Арменияда 100дөй илимдин кандидаты-этнограф бар экенин угуп, кыргыздардан этнограф-окумуштууларды санасак 5-6 эле болчу. Ошондо тилек кылдык эле, Кыргызстанда да этнографтарды өстүрсөк деп. Азыр этнография боюнча Адистештирилген диссертациялык Кеңеш иштеп, окумуштуулар иштерин коргоп жатышат. Этнографтардын саны өсүп жатат. Ошол тилектерди ишке ашырып жатабыз.

Кыргыздар мал чарбачылыгы менен кесиптенген эл. Этнографияда мал чарбачылыгынын көчүү цикли, өзгөчөлүктөрү, ж.б. бардык багыттарда

изилдене элек. Кыргыздардын негизги кол өнөрчүлүгү жыгаччылык, тери иштетүү, жүндү иштетүү, мунун ичинен жыгаччылык гана изилденген. Аны да О.Э. Капалбаев изилдеген. Азыр изилдөөчү өзү да моюнуна алып жаткандай, жыгаччылыкта да изилденбеген көп жактары калды. Кыргыздардын тери иштетүүсүн да эч ким жаза элек болчу. Анатолий Фомич бир макала жазган, башка эмгектер жок болчу. Мына тери иштетүү О.Э. Капалбаев тарабынан изилденди. Жүндү иштетүүнү Ч.Д. Бексултанова изилдеп жатат. Демек мал чарбачылыгы менен байланышкан негизги деп эсептелген кол өнөрчүлүктүн түрлөрү изилденди жана изилденип жатат.

“Кыргыздар” деген этнографиялык энциклопедияны Москвадан чыгардык. Мактаныч үчүн эмес, бирок биз кыргыз этнография илиминде өзүбүздүн кичинекей революциябызды жасадык деп айтсам болот.

Азыркы диссертация боюнча айтылган пикирлердин ичинен иштеги башка этностор менен этногенетикалык байланыштарды камтыган материалдарды калтыруу керек деген ойдомун.

Изилдөө объектилерин аныктоонун критерийлери жана аймактык өзгөчөлүктөрдү чагылдыруу, салыштыруу керек деген пикирди кабыл алуу керек.

Иштеги справочный материалга окшош жерлерин алып салуунун колдойм. Албетте рекомендацияны да бир сыйра кайра карап чыгуу керек. Көлөм көп болсо, азайтууга мүмкүн. Учурунда этнограф кесиптешим мындан доктордук иштин көлөмү чыкпайт деген эле. Азыр эки доктордук иштин көлөмү чыкты. Биз дагы теридеги оюулардын, боектордун семантикасына толук киришкен жокпуз. Изилдене турган нерсе көп. Информаторлордун тизмесин сөзсүз киргизүү керек.

Диссертациянын өзгөчөлүгү семиотико-семантикалык ыкманы азыркы этнографтардан биринчилерден болуп колдонду. Окумуштуулар айткан тилдик тектештик боюнча материалдар мазмунда мурункусундай калтырылышы керек, анткени өзөгү бир тилдердеги окшоштуктар, этностордун жакындыгын, генетикалык тектештигин көрсөтүп турат. Этнографияда бул абдан маанилүү маселе келечекте изилдөөлөрдү кеңейтүүнү талап кылат.

Изилдөөчүнүн китебине материалдар кыскаруусуз, азыркыдай көлөм менен берилет, ага баш сөз жаздым, анда окуучумдун жетишкендиктерин белгиледим. Структура боюнча айтылган сунуштарды карап көрөбүз. Чоң ишке чоң теория керек. Теория этнос жүргүзгөн чарбага, жашаган географиялык чөйрөгө байланыштуу келип чыгат. Бул теманын үстүндө иштеп жатып изилдөөчү абдан кенен талаа жана фольклордук материалдарды

талдаган. Иш жакшы деп эсептейм, сиздер да ошондой пикир бердиңиздер, баарыңыздарга рахмат!

**А.Р. Жоошбекова:** Урматтуу кесиптештер, диссертацияны окуп чыккан окумуштуулардын баары өз пикирлерин билдиришти. Талкуу учурунда айтылган көпчүлүк пикирлердин жыйынтыгы – диссертациянын кол жазмасын коргоого сунуштоо болду.

Ачык добушка койгондо талкууга катышкандардын баары бир добуштан диссертациянын кол жазмасын коргоого сунуштоого "макул" болушту. "Каршы" – жок. "Арсар" – жок.

И. Арабаев атындагы КМУнун Э.Ж.Маанаев атындагы Тарых жана социалдык-укуктук билим берүү факультетинин Кыргызстандын тарыхы жана этнология кафедрасынын 2020-жылдын 10-июнунда өткөрүлгөн (протокол №9) кеңейтилген отуруму **Капалбаев О.Э. "Кыргыздардын салттуу тери иштетүү кол өнөрчүлүгү (XIX к. аягы – XX к. башы) тарыхый-этнографиялык изилдөөлөр"** аталышындагы доктордук диссертациясынын кол жазмасын, аткарылган диссертациялык иши боюнча билдирүүнү угуп жана талкуулап төмөнкү корутундуну чыгарды.

**Корутунду**

**Диссертациялык изилдөөнүн актуалдуулугу.**

Диссертант **О.Э. Капалбаевдин "Кыргыздардын салттуу тери иштетүү кол өнөрчүлүгү (XIX к. аягы – XX к. башы) тарыхый-этнографиялык изилдөөлөр"** аттуу диссертациясында кыргыз элинин салттуу тери иштетүү кол өнөрчүлүгүн тарыхый этнографиялык жана археологиялык жактан изилдөө гана эмес, тилдик, фольклордук, маданият таануучулук, философиялык өңүттөн кароо дагы актуалдуу болуп эсептелет. Ошол эле учурда кыргыздардын териден жасалган көптөгөн буюмдары, айрыкча, баш жана бут, тыш кийимдери, шири идиштери илимий эмгектерге кирбей калган. Мына ошол илимий айлампага алынбаган салттуу тери буюмдарын кайрадан калыбына келтирүүнүн өзү актуалдуу болуп саналат.

**Диссертациялык иштин илимий жаңылыгы:**

Изилдөөдө Кыргызстандын этнология илиминде биринчи жолу кыргыздардын салттык тери иштетүү кол өнөрчүлүгү тарыхый-этнографиялык материалдардын негизинде ар тараптуу изилденди.

Изилденүүчү теманы илимий айлампага алуу үчүн түрдүү: архивдик, музейлик материалдар, ошону менен бирге эле тарыхый-этнографиялык адабияттарда, мезгилдүү басылмаларда, көркөм, эпикалык чыгармаларда 7 кездешкен маалыматтар, этнографиялык талаа материалдары жана башка

булактар изилдөөгө алынды. Салттык тери иштетүү кол өнөрчүлүгүндө колдонулган сөздөрдүн түшүндүрмөлөрү берилди. Азыркы мезгилге чейин тарыхый-этнографиялык адабияттарда кездешпегенң жалпы коомчулукка белгисиз болуп келген кийимдер, курал жарактар, идиш-аяктар жана буюмдар, алардын түрлөрү жана жасалыштары көрсөтүлдү. Кыргыз элинин териден жасалган салттуу баш кийимдери (тебетей) биринчи жолу эпостук чыгармалардын негизинде аскердик белги катары каралды; Оозеки элдик чыгармалар жана талаа материалдардын негизинде бут кийимдердин бир нече түрлөрү бар экендиги аныкталып, талдоого алынды. XIX кылымдын аягы – XX кылымда Кыргызстандын аймагында жашаган жаныбарлар, аларга аңчылык кылуу, терилеринин наркы, аң терилеринен жасалган кийимдердин түрлөрү берилди. Кыргыз элинин аң терилерге байланыштуу ырым-жырымдары, каада салттары жана дүйнө таанымдары чагылдырылды. Кыргыздардын салттуу буюмдарына түшүрүлгөн оюм-чийимдердин маанилери чечмелөөгө алынды.

**Изилдөөнүн жыйынтыктарынын илимий–практикалык маанилүүлүгү.** Изилдөөнүн илимий-теориялык жыйынтыктары кыргыз элинин салттык маданияты, кол өнөрчүлүгү боюнча жаңы илимий маалыматтарды берүү менен, илимий адабияттардын катарын толуктап, кыргыздардын салттык тери иштетүү кол өнөрчүлүгүнүн мыкты деңгээлде өнүккөндүгүнөн кабар берип, түшүнүктөрүн кеңейтет. Диссертациялык иштин материалдары менен негизги жоболору коомдук илимдер тармагындагы жалпылоочу эмгектерди даярдоодо, ошондой эле орто кесиптик жана жогорку кесиптик окуу жайлары үчүн дарстарды, атайын курстарды, окуу китептерди, усулдук колдонмолорду даярдоодо кеңири колдонулушу мүмкүн. Изилдөө аркылуу калыбына келтирилген тери буюмдарды жана кийимдерди азыркы мезгилдин талаптарына ылайык ишке киргизүүгө болот.

**Диссертациялык изилдөөнүн мазмуну** 07.00.07. – этнография, этнология жана антропология адистигине туура келет.

**Диссертациялык иштин көлөмү жана структурасы**: Кыргыз Республикасынын ЖАКынын талаптарына ылайык келет.

Диссертациянын түзүлүшү жана көлөмү коюлган максат, милдет жана изилденүүчү маселелерди чечүүнүн ырааттуулугу менен шартталган. Иш киришүүдөн, 6 баптан, 19 параграфтан, корутундудан, практикалык сунуштардан, кыскартылган сөздөрдөн, колдонулган адабияттардын, маалымат берүүчүлөрдүн тизмесинен жана фото материалдарды камтыган тиркемеден турат.

И. Арабаев атындагы КМУнун Э.Ж.Маанаев атындагы Тарых жана социалдык-укуктук билим берүү факультетинин Кыргызстандын тарыхы жана этнология кафедрасынын 2020-жылдын 10-июнунда өткөрүлгөн (протокол №9) кеңейтилген отуруму **Капалбаев О.Э. “Кыргыздардын салттуу тери иштетүү кол өнөрчүлүгү (XIX к. аягы – XX к. башы) тарыхый-этнографиялык изилдөөлөр”** аталышындагы доктордук диссертациясынын кол жазмасын, аткарылган диссертациялык иши боюнча билдирүүнү угуп жана талкуулап

**ТОКТОМ КАБЫЛ АЛАТ:**

1. **О.Э. Капалбаевдин “Кыргыздардын салттуу тери иштетүү кол өнөрчүлүгү (XIX к. аягы – XX к. башы) тарыхый-этнографиялык изилдөөлөр”** деген темадагы 07.00.07. – этнография, этнология жана антропология адистиги боюнча тарых илимдеринин доктору окумуштуулук даражасын алуу үчүн талаптанып жазылган диссертациясынын кол жазмасы Кыргыз Республикасынын ЖАКнын талаптарына жооп берет;
2. О.Э. Капалбаевдин **“Кыргыздардын салттуу тери иштетүү кол өнөрчүлүгү (XIX к. аягы – XX к. башы) тарыхый-этнографиялык изилдөөлөр” деген темадагы темадагы** 07.00.07. – этнография, этнология жана антропология адистиги боюнча тарых илимдеринин доктору окумуштуулук даражасын алуу үчүн талаптанып жазылган диссертациясы Д 07.21.628 Диссертациялык кеңешине ачык коргоого сунушталат.

**Отурумдун төрайымы,**
**т.и.д., проф. м.а.** **Жоошбекова А.Р.**

**Катчы** **Карыбекова Г.**

И. Арабаев атындагы КЫРГЫЗ МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИ
КЫРГЫЗСКИЙ ГОСУДАРСТВЕННЫЙ УНИВЕРСИТЕТ им И. АРАБАЕВА
КОЛ ТАМГАСЫН ТАСТЫКТАЙМЫН
ПОДПИСЬ ЗАВЕРЯЮ